DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

***Анарбекова В.Э., Умуркулова Ч.Ж.***

# ЭР СОЛТОНОЙ – КАЛМАК БАСКЫНЧЫЛЫГЫНА КАРШЫ КҮРӨШТҮН КӨРҮНҮКТҮҮ БААТЫРЫ

***Анарбекова В.Э., Умуркулова Ч.Ж.***

# ЭР СОЛТОНОЙ – ВИДНЫЙ КЫРГЫЗСКИЙ БОРЕЦ С ДЖУНГАРСКИМИ ЗАХВАТЧИКАМИ

***V. Anarbekova, Ch. Umurkulova***

# ER SOLTONOY IS A PROMINENT KYRGYZ WRESTLER WITH THE DZUNGARIAN INVADERS

*УДК: 947:93/398.5*

*Кыргыз элинин калмак баскынчылыгына каршы күрөштүн көрүнүктүү баатыры Талас өрөөнүнүн Чоң-Кошой деген жеринде туулган Эр Солтонойдун эрдиктери эл арасында сакталып калган кошоктордун негизинде анализденет. Анткени, кылымдык фольклордо элдин башынан кечирген тарыхы сакталган. Маселени ушул таризден караганда, калмак баскынчылыгынын тоноочул саясатына каршы бүтүндөй кыргыз элинин мекенди коргоодогу патриоттук эрдиктери Эр Солтонойго кошулган кошокто камтылган. Аны жубайы Жеткилең апа жараткан, ошону менен катар кыргыз аялдарынын дагы эрдиктерин көрсөткөн. Жунгар хандыгына каршы казак-кыргыз союзунун түзүлүшү, бирок казактардын согуш майданын таштап кеткендиги дагы сүрөттөлөт. Жалпы эле аркалык кыргыздарынын азаттыкка болгон күрөшү «улуу каргаша мезгили» деп аталып, черик башчы Эр Солтоной жетектегини элдик оозеки чыгармалардын негизинде тарыхый сереп берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз эли, мекенчилдик, калмак баскынчылары, Эр Солтоной, баатыр, Жунгар хандыгы, кылыч, казак эли.*

*В данной статье через исторические материалы и тексты кыргызских поминальных песен рассматривается героическая жизнедеятельность кыргызского воина-предводителя Эр Солтоноя, который боролся с внешними врагами кыргызского народа Джунгарским ханством, с ойратами в период XVII-XVIII веков. Память об Эр Солтоное сохранилась во многом благодаря кыргызскому народному фольклору, в том числе в поминальных песнях. В этих же поминальных песнях описывается борьба всего кыргызского народа за свою независимость вместе с братским казахским народом. События, описанные в поминальных песнях, идут параллельно с реальными фактами и в то же время дополняют, дают более яркую картину исторических событий. Этим и отмечается важность народного фольклора, в том числе сохранившиеся в народной памяти поминальные песни.*

***Ключевые слова:*** *кыргызский народ, патриотизм, калмыцкие завоеватели, Эр Султаной, батыр, Джунгарское ханство, меч, казахский народ.*

*In this article, the author reveals, the heroic life of the Kyrgyz warrior-leader Er Soltonoy through historical materials and texts of Kyrgyz memorial songs, who fought with the external enemies of the Kyrgyz people, the Dzungarian Khanate, with the Oirats during the XVII-XVIII centuries. The memory of Er Saltonoy's courage has been preserved widely thanks to Kyrgyz folk folklore, including in memorial songs. Er Soltonoy's courage was show clearly in his wife's lamentation-Jetkileng Apa. Jetkileng Apa was also, hero in its time and she was an example courageous woman of Kyrgyz people. The same memorial songs describe the struggle of the entire Kyrgyz people for their independence together with the fraternal Kazakh people. It also describes the creation of the Kazakh-Kyrgyz union, against the Dzungarian Khanate, but the Kazakhs left the battlefield. In general, the liberation struggle of the Nourth (Arkalyk) Kyrgyz was called "the period of the Great Catastrophe (the Great Curse)" and a historical review was given based on oral folk legends under the leadership of the Cherik leader Er Soltanoy.*

***Key words:*** *Kyrgyz people, patriotism, Kalmyk conquerors, Er Soltonoy, batyr, Dzungarian khanate, sword, Kazakh people.*

Жунгар хандыгы 1635-1758-ж. өкүм сүргөн батыш монголдордун мамлекети. Монгол тилинде “жунгар” – “сол кол”, ал эми “барунгар” – “оң кол” дегенди түшүндүрүп, бул аталыш саясий бирикмени туюнткан. Чыңгыз хандын тушунда биригишкен батыш монгол уруулары бул мамлекетте анын аскерлеринин сол канатын түзүшкөн. Жунгар хандыгынын аймагы алгач чыгышта Хангай тоолорунун батыш кыркаларын, түштүктө Гоби чөлүн, батышта Моголстанды, түндүктө Иртыш, Енисей дарыялары башталган жерлерди камтыган. Кийин Жунгария аймагы деп аталып калган. Түрк тилдүү калктар батыш монголдорду “калмактар” (мусулман эместер), кытайлар “элюттар”, ал эми өзүлөрү “ойроттор” деп аташкан. “Токой эли деген маанини берет”. 1635-жылдан ойроттордун өлкөсү Жунгар хандыгы деп атала баштаган [3, 24].

Казактар менен бирге кыргыздар жунгарлардын княздарына каршы күрөшүшкөн. Ойрот феодалдары Жунгар хандыгы түзүлгөндөн кийин согуштук жортуулдарды айрыкча күчөтүшкөн.

Жунгар башкаруучусу Батур-хунтайжи өзүнүн бийлигин көчмөн ойроттордо бекемдеп, жаңы жортуулун казактардын жана кыргыздардын жерлерин басып алуу менен баштаган. Анын казактардын ханы Эшимге (Есимге) [10, 444] каршы согуштук биринчи чоң жортуулу 1635-жылы болгон, Эшимдин ставкасы

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Түркстан шаарында турган. Эшимдин уулу Янгир-султан кыргыздардын жана казактардын бириккен күчтөрүнө башчылык кылуу менен Батур-хунтайжиге каршы чыккан, бирок жеңилип калып, жунгарлардын колуна туткунга түшкөн. Кийин, туткундан бошонуп алгандан соң Янгир "өзүнүн чабуулдары менен калмактардын тынчын алуудан тынган эмес".

Батур-хунтайжинин экинчи жортуулу 1643-жылы Жетисуунун чыгыш бөлүгүндөгү казактарга, Ала-Тоо жана Чүй өрөөнүнүн тоолуу райондорунда жашаган кыргыздарга каршы болгон. Өзбектердин, казактардын жана кыргыздардын жардамы менен өзүнүн көз карандысыздыгына жетишкен. Бирок кийинчерек Батур-хунтайжи чоң кыйынчылык менен Чыгыш Жетисуунун бир бөлүгүн убактылуу ээлеп, Чу дарыясына жылат [3, 26-б.].

Монгол тарыхый булактарындагы фактылар маалымдагандай, кыргыздар жана казактар Жетисууда ойротторго каршы күрөш жүргүзүшкөн. Буддисттик ишмер Зая-Пандиттин өмүр баянында, Батур-хунтайжи 1652-жылы кайрадан тяньшандык кыргыздарга жана казактарга каршы согушканын мисал келтирген [1, 178-б.]. Ойрот феодалдарынын аскердик күчү мыкты болгондуктан, кыргыз жана казактардын Улуу жүзүнүн колун сүрүп койгон. Чүй өрөөнүндөгү кыргыздар баскынчылардын бийлигине баш ийүүнү каалабай, убактылуу Ысык-Көл, Таластын тоолуу аймактарына жана Тянь-Шандын алыс жерлерине көчүшкөн; алардын бир бөлүгү Фергана жана Памир-Алайга жылышкан. Ал мезгилде казактар дагы Жетисуунун алыскы райондоруна жылууга мажбур болушкан [3, 27]. Демек, 1643-1652 жана 1658-жылдарда жунгар княздарынын кыргыздарга каршы согуштук жортуулдары бир эле багытта жүргүзүлгөндүгүнө караганда, ошол территорияда жашаган кыргыздар, жана да Улуу жүздөн болгон казактар жунгардык баскынчыларга каршы катуу күрөш жүргүзгөндүгүн көрсөтөт.

1653-жылы Батур-хунтайжинин өлүмүнөн кийин Жунгар хандыгында ич ара чыр чатактар күч алып, андан тяньшандык кыргыздар жана казактардын Улуу жүзү пайдаланып, кайрадан ойрот баскынчыларына каршы күрөш башташат. Хунтайжинин балдарынын бири Ончон Жетисууга жүрүш жасап, жеңилип, өзү туткунга түшөт [3, 27-б.].

Галдан Чыгыш Түркстанды басып алып, бул бай крайды Жунгар хандыгынын ээлигине жана тылдык базасына айландырууну максат кылган 1678-жылы ойроттор Хами жана Турфанды багындырып, бүтүндөй Чыгыш Түркстанга ээлик кылган. Хунтайжи бул кылган эрдиги үчүн кийинки жылы далай-ламадан "бошокту" ("благославенный") деген титул алган [2, 67-б.]. Галдан-Бошохту мурда жунгарлардын княздары басып өткөн жерлерге-Кыргызстандын түндүктөгү райондоруна согуштук жаңы жортуулдарга чыккан. Анын биринчи жортуулу 1681-жылы болгон. Чүй суусунун аркы жагына өтүп, ал Сайрам шаарын (азыркы Чимкентке жакын жер) камалаган, бирок аны ала алган эмес. 1683-жылы ал Сайрамга кайрадан чабуул жасайт, бирок мунусу да ийгиликсиз болуп чыгат. Ошол эле жылы күзүндө Бошохту-хан кыргыздарга согуштук чоң чабуулду баштаган. 1685-жылы күзүндө ал кыргыздарга жана өзбектерге каршы чыккан [8, 249-б.].

Галдан-Бошохту 1697-жылы дүйнөдөн кайтып, тактыны Цэван-Рабдан ээлеген. Ал дагы кыргыздарга каршы бир катар жортуулга чыккан [3, 55-б.]. Эр Солтоной болжол менен 1640-жылы Талас өрөөнүнүн Чоң-Кошой деген жеринде туулуп, 1733-жылы кеч күздө Бала Айылчынын санжырасы боюнча, Сары-Өзөн Чүйдөгү Сокулук суусунун боюнда калмактар менен болгон теңдешсиз чабышта курман болот. Туулган жеринин Чоң-Кошой болушу талаш туудурбайт. Себеби аны далилдөөчү:

Дөөдөй эриң Солтоной,<br>Төрөлгөн жери Чоң-Кошой - деген элдик ыр калк арасында сакталып калган.

Белек Солтоноевдин жазып калтырган маалыматы боюнча «Солтоной 60 жашка келгенде Тынайдын 13 жаштагы Атаке, Солтодон он үч жашар Момокондү алып, 200 киши менен келип, Кара-Балта, Ак-Сууда жаткан калмак менен урушуп, көп мал алып, Кара-Балта ашып жылкыны 100 киши менен жөнөтүп, Солтоной Атаке менен Момокондү алып калып Кызыл-Белестен тосуп жатканда, Жыламыштан Дөңкөнөй баштап көп калмак урушка чыгып, урушта Солтоной баштап 30 киши өлүп, калганы качып, Кошойго барган. Кыш түшүп калып, Кошой калмак менен уруша албай калган. Себеп, Коңур-Өгүздүн жолу бекип калып, кыштын күнү Чүйгө киши келбей калат» [9, 140-141-бб.]. Бул окуя кошокто төмөндөгүчө чагылдырылат:

Калмактардын Дөңкөнөй,<br>Айкөлүнөн Солтоной,<br>Көп жолу каның кечти эле, ой,<br>Аны кантип унуттуң [4, 129-б.].

Бирок, Б.Солтоноев бул Чүйдүн Ала-Арча, Жыламышында болгон согуштун жылын көрсөткөн эмес. Ал эми Үмөт Молдонун жазып калтырган эмгектеринде 1721-жылы казак каны Абулхаир калмактарды кыргыз, казак жеринен биргелешип кууп чыгуу ниетин кыргыздарга билдирген. Бул ойду эл башчылары: бугудан Бирназар, сарыбагыштан Мааматкул, солтодон Кошой, кушчу-жетигенден Солтоной, Үсөйүн баатыр, саруудан Бердике, саяктан Качканак, Белек Үчүкө колдогон.

Берендердин Бердике,<br>Сарбагыштан Атаке.<br>Саяктардын Садыры,<br>Солтолордун Момокон [4, 129-б.].

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Уруш Сокулукта болгон. Биринчи күнү кыргыз менен казак биримдикте салгылашкан да, Солтоной калмактарга кыргын салган. Бирок эмнегедир казактар майдандан кетип калышкан. Ал кошокто төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

Казагым боорум деп жүрсөң
Кол салып, колго түшкөндө,
Сен канын кечкен Абылай,
Турса экен кайра кабылбай [4, 129].

Экинчи күнү аты чарчап калган Солтоной баатыр курман болот.

Б.Кенжегараев боюнча Эр Солтонойго алтын саптуу албарс кылычты атасы Байсейит тапшырат. Чоң атасы Кабылдын айтымында оң кол, сол кол менен чаба бергенге ылайыкталган. Анан ал урпагымдан эки кол менен бирдей кылыч шилтеген баатыр чыкса, ошого бергиле деп керээз калтырыптыр. Жазуучу А.Стамовдун «Хан Тейиш» романы боюнча Тейиш хан албарс кылычты Байсейитке «Солтонойго бер» деп аманат кылып тапшырат. Эр Солтоной жоодо ар дайым ушул курал менен салгылашкан.

Алтын саптуу кылычын,
Ал түндө уурдап тымызын.
Калмактар айдап салдыбы,
Айбатынан кыргызың.
Сезгенби калмак ыгын ооп,
Зер кемер бар, кылыч жок.
Селге алдырып баатырың,
Зээн кейибес кыргыз жок [4, 128].

Дөңкөнөй баштаган калмактар алды менен албарс кылычты уурдатып алышат да, анан Эр Солтонойду 1733-жылы кеч күздө набыт кылышат. Ошентип Эр Солтоной албарс кылычы менен кыргыз элин, эркиндикке чыгарып, калмактарды кууп чыккан жок [4, 66-67-бб.]. Мындан улам 1721-жылдан кийинки учурда согуш болгонун болжоп билүүгө болот. Эгер тарыхый материалдарга кайрылсак ошол кездеги казак хандыгы кайра бөлүндү болуп, үч хандыкка ыдырап кетет. 1722-1723-жж. кыргыз-казак аймактарында катуу жут болгон. Ал эми ушундай кырдаалды пайдаланган контайжы Цэван-Рабдан 1723-жылы 60 миң аскер менен баскынчыл жортуулга аттанып, кыргыз менен казактарды чапкан, натыйжада мурда сүрүлбөй калган айрым түндүк урууларынын көбү Фергана өрөөнүнө кире качышкан. Бул окуя элдин эсинде «улуу каргаша мезгили» деп аталып калган [7, 145-б.].

1727-жылы Цэван-Рабдандын ордуна уулу Галдан-Цэрэн келген. Галдан-Цэрэн Тянь-Шандын тоолуу райондоруна жана андан ары түштүк жакка жортуулдарды уланткан [3, 55-б.]. Кыргыздар согушпастан, келишимге жараша 30 адамды ак үйлүүгө беришкенге мажбур болушкан. Анын ичинде Эр Солтонойдун Итаяк деген баласы да бар болгон [4, 71-б.]. Ал эми Б. Солтоноевде болсо жалгыз Итаяк берилген деп айтылат [6, 140-б.].

1732-жылы калмактар Кетмен-Төбөдөгү Мааматкул бий башкарган кыргыздарга басып киришкен. Маамат бий жана Кошойдун жетекчилиги менен Эр Солтоной, Атаке, Качыке, Бердике, Момокон сыяктуу баатырлар Чүй өрөөнүндөгү Кара-Кыштак, Сокулук жана Акбешимде турган калмакка чабуул коюп, баскынчылардан конуштарды бошотуу процесси башталган. Ар дайым чек арадагы аскердик көзөмөл кыргыз коомчулугунун саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө тоскоол болгон. Кыргыздардын саясий уюмунун негизин урук-уруулук бөлүнүү түзгөн (бугу, саяк, сарыбагыш ж.б.). Чындыгында, ири малдардын ээси-бийлер, жайыттарды ээлешип көз карандысыз ээлери болуп калышкан. Жетисуунун түндүк аймагындагы жашоочуларды ойроттор сүрүп чыгарып, XVIII кылымдын I жарымында кыргыздардын бир бөлүгү Фергана өрөөнүнүн чыгыш жана түндүкчыгыш райондоруна кетүүгө мажбур болушкан [5, 90-б.]. Көчүп кеткенден кийин деле ойротторго каршы күрөшүн токтоткон эмес жана Тянь-Шанда калган туугандары менен мамиле үзүлбөгөн [3, 64-б.].

Калмактар менен болгон салгылашта, анын борборунда баатыр Эр Солтоной турат. Муну Белек Солтоноев, Бала Айылчы, Үмөт Молдо, Бейшенбек Кенжегараев, Асанбек Стамовдор тастыктайт. Демек Эр Солтоной бул согушка катардагы жоокер катары катышпаган, колду башкарган черик башчы, душманга кыргын салган баатыр болгон.

Нышаа баатыр солтолордун арасындагы адигине уруусунун асылбаш тукумунан. Ал калмак баскынчыларына каршы күрөштүн белдүү катышуучуларынын бири. Үмөт Молдо жазып калтырган маалыматтарда Эр Солтоной Нышаа баатырды калмактардын камоосунан куткарып алган [11, 207-б.].

Жеткилең апанын кошогун мазмуну боюнча үч бөлүккө бөлүп кароого болот: Бир бөлүгү жоктоо, арман, өкүнүчтөн турса; экинчи бөлүгү каргыш айтуудан; үчүнчүсү – адамдык сапаттары, эрдиги тууралуу айтылат. Бирок ушул эки бөлүктүн борборуна (арман – каргыш, А.В.) Солтоной баатырдын бейнеси коюлган. Кошокто

Жаңылыш найза тийгенде,
Жалбарып сылап чекеңден.

Жаратың басып турсамчы [6, 78-б.] - деген өңдүү саптар бар. Жетилең апа күйөөсү Солтоной баатырды кан-какшап ыйлап, өз бетин тытып боздойт. Анан бул адам курчоосунда кара асаба желбиреген боз үйдө чыгданды карап кошок кошо берүү менен чектелбейт. Чечкиндүү кадам жасайт. Белин бууп:

Солкулдай бербей чыгданга,
Сокулукка барамын.
Эки жээгин кыдырып,
Эч болбосо баатырдын.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Сөөгүн көрүп калайын [4, 131] - деп, жолго чыгат. Ичке толгон бук, кайгы аны бир орунга токтотпойт. Күлүк ат минип, Сокулук суусунун боюна барат, эки жээгин кыдырат. Бирок баатырдын сөөгү көзгө чалынбайт. Ошондо асылынын караанын көрө албаган Жетилең апа суугa боюн таштайт.

Жогоруда айтылгандай кошоктун экинчи бөлүгүндө төмөндөгүдөй каргыш саптары бар:

Тогуздан ашпай уругуң,
Өзүңө-өзүң жоо болуп.
Тытылып тыйпыл куругун,
Ылайым көрүнгөн элдин жерине.
Көз артып жүрүп өткүлө,
Акыл айтаар элиңде.
Карыларың болбосун,
Оң айтса кеткен тетири.
Жаштарың болсун тоң моюн... [4, 129-130-бб.].

Үчүнчү бөлүгүндө баса белгилөөчү нерсе, биринчиден - Эр Солтонойдун адамдык сапаттарынын ачылып берилгендиги.

Мансап, бийлик көздөбөй,
Байлык, баркты көксөбөй.
Журт көргөн өмүр өткөрдүң,
Ар намысың бөксөрбөй [4, 129-б.] - деген саптарда Эр Солтонойдун эң бийик адамдык турпатын, бейнесин чагылдырат.

Экинчиден - Эр Солтонойдун турмушундагы бөлүп көрсөтө турган башкы касиет - анын ар-намыс менен өмүрүн журт коргоп өткөргөндүгү.

Ала-Тоо кыргыз жеринен,
Арылтсак дешип калмакты.
Аркалык ички, оң-солу
Антташканда бир туруп.
Ар жактан келген баатырлар,
Алдыңан бири өтчү эмес,
Асылым сени Пир тутуп [4, 128-б.].

Бул саптарда Солтоной баатырдын кадыр-баркы белгиленген. Мында кыргыз жерин калмак баскынчыларынан бошотууда бүт кыргыз эли аркалык, ичкилик, оң-солу биригип антташканда, алардын бири да Эр Солтонойдун алдынан өткөн эмес, баары аны пир тутушкан. Бул анын улуулугун урматтоодон эмес, журт коргогон эрдигин сыйлоодон, ага сыймыктануудан келип чыккан. Ал эми аны пир тутуу түшүнүгү эл арасында кенен жайылган. Эр Солтоной баатырлардын пири деген тарыхый сөз менен үндөшөт.

Кошок боюнча карап көргөндө да, Эр Солтоной кыргыз баатырларынын туу туткан пири жана жеңип чыгууга шыктандыргандыгы менен татыктуу болгон, азаттык үчүн күрөшкөн баатыр.

**Адабияттар:**


1. Бурковский А.Ф. Борьба киргизского народа за свою независимость в первой половине XVII в. - Страницы истории и материальной культуры Киргизстана. - Фрунзе, 1975.
2. Бичурин Н.Я. (Иакинф). Историческое обозрение ойратов как калмыков с XV столетия до настоящего времени. - СПб., 1834.
3. Гуревич Б.П. Международные отношения в Центральной Азии в XVII-первой половине XIX в. - Москва: Наука, 1979.
4. Исаков Б. Эр Солтоной-кыргыздын улуттук баатыры. - Бишкек, 2012.
5. Иванов П. П. Очерк истории Средней Азии. - Москва, 1958.
6. Кенжегараев Б. Эр Солтоной (тарыхый очерк). - Бишкек, 2004.
7. Кошоев М. Кыргыз эли: тарыхы жана руху. - Бишкек, 2006.
8. Кыргыз ССР тарыхы. - 1 том. - Фрунзе, 1973.
9. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. - Бишкек: Учкун,1993. - 1-китеп.
10. Фишер И. Э. Сибирдин тарыхы. – СПб., 1774.
11. Үмөт Молдо, КУИА, инв №191.
12. Анарбекова В.Э. Деятельность главнокомандующего кокандского ханства нарбото ноорузкул уулу в причитаниях. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2018. №. 4. С. 85-87.